
# Ф-В




Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

# Ф-В

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ф-В", "Уй фермасы", "Конфета" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева, сүрөтчү Аликбек Темиралиев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom

# Уй фермасы





Фатима менен Фернандо велосипед тээп келе жатышты.




– Фатима, ак халатчан кишилер! Бирөө ооруп калган го? – деди Фернандо.

– Жок, бул жерде уй фермасы бар. Саанчылар форма кийишет.



– Уйлар көрүнбөйт го?

– Аларды сарайдан чыгарышпайт.



– Уйдун тезеги толуп кетсечи?– деди, Фернандо.


– Чын эле. Фермер эжени тааныйм. Жүр, андан сурайбыз, – деди Фатима.



Фермер Фаризат уй фермасы жөнүндө айтып берди.



– Фермада уйлар жайытка чыкпайт. Аларга жем, чөп берилет. Уйдун тезеги автомат калак менен тазаланат. Сарай таза, желдеткич коюлган. Сааганга атайын аппарат бар. Сүт флягага толтурулат. Аны фабрикага сатабыз.



Фабрика сүттөн айран, йогурт, быштак жана сыр чыгарат. Сүт абдан пайдалуу. Анда көп витамин бар.



Фатима менен Фернандо уй фермасынан көптү билишти.





# Конфета

Текчеде конфета сыяктуу бир нерсе турду. Анын сырты абдан кооз экен.




– Таттуу конфета болсо керек…




Татына конфетаны бат эле алып жегиси келди. Ал бир топ эле бийикте экен. Бутунун учу менен созулуп көрдү. Бою жетпеди.



Отургучту коюп, ага чыкты. Татына бийикте турган конфетаны араң алды. Аны жегенче шашты. Сыртын ачты. Мына сага! Кооз кагаз оролгон конфета эмес, вафли болуп чыкты. Татынанын ачуусу келди.



– Апа, кондитер фабрикасы алдайт экен?- деди апасына.

– Эмнеге?

– Конфеттин ордуна вафли салып коюптур.



– Сен анын сыртын окуп көрдүңбү?

– Жок!



– Кел, анда чогуу окуйлу.

Таттуу вафли деп жазылып туруптур.



Татына уялып калды. Ошондон бери Татына конфета оролгон кагаздын сыртын окуп, анан жейт. Вафли да таттуу экен.

Татына Ф тамгасы менен В тамгасын да үйрөнүп алды.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли